**“БЕКИТЕМИН”**
**Кыргыз Республикасынын**
**“Эркин Тоо” мамлекеттик**
**расмий гезити**
Н. Асанбаев ________________ 2024-жыл

***“Азыркы геосаясий процесстердеги Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун ММКда чагылдырылышы”*** деген темада Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркуловичтин саясий илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинен жазылган докторлук диссертациясы боюнча илимий-изилдөө ишинин жыйынтактарын өндүрүштө ишке ашыруу

**Актысы**

**Комиссиянын курамы:** төрагасы – Наралы Асанбаев; комиссиянын мүчөлөрү З.Сапанов, К.Бейшекеев, Бактыбек кызы М. Бул курамдагы комиссия Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркуловичтин докторлук илимий иши “Эркин Тоо” гезитинин сандарында бир нече ирээт колдонулганын күбөлөндүрөт.

1. Ишке ашыруу актысынын автору: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин доценти, саясий илимдеринин кандидаты **Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркулович.**

**Илимий изилдөө ишинин аталышы: “Азыркы геосаясий процесстердеги Кыргызстандын улуттук кызыкчылыкатарынын ММКда чагылдырылышы”** темасы боюнча 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинен саясий илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган докторлук иш.

2. **Кыскача аннотациясы:** диссертация азыркы геосаясий процесстерде Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын коргоо жана улуттук коопсуздукту сактоо, тышкы саясат жана бул темалардын ММКда чагылдырылышына арналат. Диссертациялык иште теманын теориялык-методологиялык негиздери, практикалык маселелери илимий логикага ылайык иштелип чыккан. Ошондой эле бул багыттар боюнча иштиктүү сунуштарды өз ичине камтыйт.

3. **Ишке ашыруунун натыйжасы:** докторлук диссертациянын аталышы учурда актуалдуу болуп жаткан геосаясий процесстерди жана андагы Кыргызстандын

орду, улуттук кызыкчылыктарынын корголуш абалынын, коопсуздуктук көйгөйлөрүн чагылдырылган. Бул Кыргызстан үчүн илимий жактан эле эмес практикалык жактан да маанилүү. Диссертациялык иштин автору бул багытта өзүнүн аналитикалык макалаларын басма сөз беттеринде үзгүлтүксүз жарыялап жүрөт. Анын макала-маектери жарыяланган республикадагы ЖМКлардын арасында "Эркин Тоо" расмий гезити да бар. Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркулович жарыялаган макала, интерсбюлары коомчулукта ар дайым жүйөөлүү талкууларга жем таштап, оң пикирлерге ээ болот жана мазмуну объективдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. "Эркин Тоо" гезити мамлекеттик болгондуктан министрликтерден тартып, район, облус, айылдарга чейин жеткиликтүү, өзгөчө мамлекеттик мекемелерде иштеген кызматкерлер үчүн керектүү маалыматтарды өз ичине камтыйт. Себеби: улуттук кызыкчылыктарды коргоо, коопсуздукту сактоо принцибинде иш алып баруу укук коргоо органдары үчүн эле эмес бардык деңгээлдердеги мамлекеттик кызматкерлер маанилүү. Учурда геосаясат, геосаясий процесстер да актуалдуу темалардан болууда. Ч.М.Сыдыкбаевдин омоктуу ойлору, курч аналитикалык талдоолору окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Демек, бул бул илимий изилдөөнүн айрым жоболору, идеялары, талдоолору "Эркин Тоо" гезитинде макалалар, интерьвюлар ирээтинде колдонуу менен ишке ашырылган. Алар:

- "Президент АКШ мамлекеттик катчысына салмактуу жүйөлүү, ташка тамга баскандай аргументтери менен жооп берди" (16.02.2024);
- "Камчыбек Ташиев чоң саясий аренага улутчул духу аркылуу чыга келген" (19.12.2023).
- "Акылбек Жапаров бул кызматка мыкты даярдык, чон багаж менен келди" (10.02.23);
- "Коррупция жана кылмыштуулук улуттук коопсуздука коркунуч туудурган деңгээлге жеткен" (5.04.2024);
- "Тышкы саясат ички саясаттын уландысы" (6.09.23);
- Коррупцияга, криминалга каршы күрөш татыктуу деңгээлге чыкты. (05.04.2024).

**Ишке киргизүүнүн орду жана убактысы:** Жалпысынан "Эркин Тоо" гезитине 3 интервью берип, 4 макала жарыялаган.

Өндүрүшкө ишке киргизүүнүн формалары: Ч.М.Сыдыкбаевдин докторлук ишинин темасы; геосаясат, улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук ошондой эле ушул

көйгөлөрдүн ЖМКларда чагылдырылышы болгондуктан бул темалар мамлекет жашап турганда актуалдуулугун жоготпойт. Дал ушул темалардын тегерегинде авторго гезиттин редакциясынын кызматкерлери  эксперт катары кайрылып турушат.

- негизинен жаңылыктар берүүлөрүндө тигил же бул саясий окуялар процесстер боюнча пикир айтуу, интервью берү;
- Талкууга эксперт катары бир нече ирээт экперт катары катышуу;
- ЕАЭБдеги Кыргызстандын абалы, коопсуздук жаатындагы көйгөйлөр, коррупция билим берүү системасындагы ж.б. көйгөлөр боюнча  пикир, сунуштарды  айтуу.
- Аналитикалык макалаларды жарыялоо;
- Башкаруу системасын реформалоо боюнча идеялар, ойлорду айтуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн идеялары, сунуштары киргизилген, колдонулган уюмдун өкүлдөрү:**

***“Эркин Тоо” гезити. Бишкек шаары, Абдымомунов көчөү 193***

**Комиссиянын төрагасы:**

“Эркин Тоо” расмий гезитинин башкы редактору

Асанбаев Н.К.

Комиссиянын мүчөлөрү:

Сапанов З.

Бейшекеев К.

Бактыбек кызы М.